
КЫРГЫЗ БАНКЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИ

## 2025-ЖЫЛДЫН 9 АЙЫ



Төлөм теңдеми - бул отчёттук мезгил аралыгындагы Кыргыз Республикасынын башка өлкөлөр менен ишке ашырылган тышкы экономикалык операцияларды чагылдырылган статистикалык отчёт. Төлөм теңдеминде маалыматтар үч эсеп боюнча топтоштурулат: күндөлүк операциялар эсеби, капитал менен операциялар эсеби жана финансылык эсеп. Күндөлүк эсепте резиденттер жана резидент эместер ортосундагы товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, ошондой эле баштапкы жана экинчилик кирешелердин агымы көрсөтүлөт. Капитал менен операциялар эсебинде резиденттер жана резидент эместер ортосунда өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдер жана капиталдык трансферттер менен жүргүзүлгөн операциялар камтылат. Финансылык эсепте резиденттердин чет өлкөлүк финансылык активдерин сатып алуусу жана резиденттердин резидент эместер алдындагы милдеттенмелерин кабыл алуусу жөнүндө маалымат чагылдырылат.

| **Төлөм теңдеминин компоненттери** | **«+» жана «-» белгилеринин чечмелениши** |
|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу** | «+» – профицит; «-» – тартыштык |
| *Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сальдосу* | «+» – профицит; «-» – тартыштык |
| *Баштапкы кирешелер сальдосу, экинчилик кирешелер сальдосу* | «+» – профицит; «-» – тартыштык |
| **Капитал менен операциялар эсебинин сальдосу** | «+» – профицит; «-» – тартыштык |
| **Финансылык эсеп** | «+» – таза кредиттөө (агылып чыгуу)<br>«-» – таза карыз алуу (агылып кирүү) |
| **Таза каталар жана калтырып кетүүлөр** | «+» – оң<br>«-» – терс |

«Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми» мамлекеттик органдардан, коммерциялык банктардан жана башка булактардан түшкөн статистикалык маалыматтардын негизинде даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдуу негизи катары Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы № 92 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамы саналат.

Басылмада тышкы сектордун өнүгүүсүнүн акыркы тенденциялары чагылдырылган жана анда төлөм теңдеми, эл аралык инвестициялык позиция жана тышкы карыз боюнча маалыматтар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүү методикасы жана маалымат базасы камтылган. Басылма жыл ичинде төрт жолу: февраль, июнь, август жана ноябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

Жыл сайын өткөрүлүүчү маалыматтарды кайра карап чыгуу жол-жобосуна ылайык, бул басылмада Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2024-жыл ичиндеги тышкы соода боюнча акыркы маалыматтары берилген.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2026-жылдын 20-январы.**

**Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:**

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же бир аз экендигин билдирет;

– жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгы (мисалы, 1994 - 1996-жылдар же январь - июль айлары), бул көрсөтүлгөн интервалда бардык жылдарды жана айларды камтыган үзгүлтүксүз мезгилди билдирет.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу методологиясынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы «ачык» деп эсептелет.

Маалыматтарды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда бир аз ажырым болушу мүмкүн.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча mabdubachaev@nbkr.kg электрондук почтасы, же (+996 312) 61-09-21, 66-90-15 (+ 1178), (+ 1180) телефондору боюнча кайрылууга болот.

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

Төрага: А. Козубеков
Кеңештин мүчөлөрү: А. Алиев, А. Мамбеткул кызы
Жооптуу катчы: М. Абдубачаев

Отчёттун PDF-версиясы жана төлөм теңдеми боюнча кошумча статистикалык маалыматтар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын www.nbkr.kg сайтында жайгаштырылган.
Түз кирүү үчүн QR-кодду сканерден өткөргүлө:

Басылманы даярдоого жооптуу аткаруучулар:
С. Эсенов, Р. Алмакунова, Г. Байматова, М. Назыркулова.

Уюштуруучу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн.
Каттоо номери 605. ISSN 1694-8955.

© Улуттук банк, 2026. Басылманы кайра басып чыгарууда Улуттук банктын уруксатын алуу, ал эми үзүндү келтирүүдө милдеттүү түрдө булагын көрсөтүү зарыл.

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **ДТК** | дүң тышкы карыз |
| **ИДӨ** | ички дүң өнүм |
| **МТК** | мамлекеттик тышкы карыз |
| **МИ** | мамлекеттик ишкана |
| **ЕАЭБ** | Евразия экономикалык бирлиги |
| **КБ** | коммерциялык банктар |
| **ЭВФ** | Эл аралык валюта фонду |
| **КР ТИМ** | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги |
| **ЭССК** | Эл аралык стандарттык соода классификациясы |
| **КР ФМ** | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| **КРУБ** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| **ҮЧТКЭУ** | үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| **КР УСК** | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| **БФКУ** | Банк эмес финансы-кредит уюмдар |
| **НЭАК** | банк эмес финансы-кредит уюмдар |

| | |
|---|---|
| **БАЭ** | Бириккен Араб Эмираттары |
| **Жалпы ТК** | жалпы тышкы карыз |
| **АКЖО** | акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| **ЭКӨУ** | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |
| **РЭАК** | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| **ААА** | атайын административдик аймак |
| **СИФ** | Импортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| **АКУ** | Атайын карыз алышуу укугу (Special Drawing Rights) |
| **АКШ** | Америка Кошмо Штаттары |
| **ТЭИТН** | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| **ФОБ** | Экспортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| **Жеке ТК** | жеке тышкы карыз |

# МАЗМУНУ


1. **Тышкы операциялар: негизги элементтер** ........ 7

2. **Күндөлүк операциялар эсебинин динамикасы** ........ 8

3. **Капитал менен операциялар эсебинин балансы** ........ 13

4. **Финансылык эсеп боюнча баяндама** ........ 13

5. 1-тиркеме. Төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө) ........ 16

6. 2-тиркеме. Тышкы соода түзүмү боюнча баяндама ........ 20

7. 3-тиркеме. Төлөм теңдемин түзүү үчүн маалымат булактары ........ 21

# ТЫШКЫ ОПЕРАЦИЯЛАР: НЕГИЗГИ ЭЛЕМЕНТТЕР



1

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр менен тышкы соода**

Кызмат көрсөтүүлөр балансы оң мааниде түптөлгөн, бул резидент эместерге сунушталган кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн алардын чет өлкөдөн керектелген көлөмүнөн жогору болушу менен шартталган.

2

**Жеке сектордун трансферттери**

«Иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча келип түшүүлөр күндөлүк операциялар эсеби боюнча сальдонун кыскарышына оң салым кошкон жана төлөм теңдеминин негизги каржылоо булактарынын бири болуп саналат.

3

**Төлөм теңдеминин каржылоо булактары**

Төлөм теңдеми товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунан түшүүлөр, жеке сектордун трансферттеринин эсебинен каржыланган, ошондой эле тике чет өлкө жана портфелдик инвестициялар боюнча агылып кирүү көлөмү менен толукталган.

4

**Төлөм теңдеминин туруктуулугу**

Дүң эл аралык резервдер 75,6%га өсүү менен, 7 553,6 млн АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 5,9 айынын ордун жабат.


## Күндөлүк операциялар эсебинин динамикасы

2025-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу 4 211,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн, бул өлкөнүн ички дүң өнүмүнүн 18,8%ына эквиваленттүү жана тартыштыктын 2024-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 7,7%га кыскарышын билдирет. Тартыштык көлөмүнүн негизги булагы болуп, мурдагыдай эле терс тышкы соода балансы эсептелет, ал импорттун жогору деңгээлде сакталышы жана анын экспорттон артышы менен шартталган. Бирок күндөлүк эсептин тартыштыгынын кыскарышына **экинчилик кирешелер боюнча таза түшүүлөр көлөмүнүн өсүшү, эл аралык кызмат көрсөтүүлөр импортунун кыйла кыскарышы жана баштапкы кирешелер сальдосунун жакшырышы оң таасирин тийгизген.**

**Товарлар балансынын тартыштыгынын көбөйүшү, негизинен, импорттук берүүлөрдүн жогору деңгээли сакталып турган шартта, экспорт көлөмүнүн төмөндөшү менен камсыздалган.**

2025-жылдын тогуз айы ичинде **соода балансынын терс сальдосу** 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 9,9%га көбөйүү менен, ФОБ баасында 6 527,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Ал эми тышкы соода жүгүртүү көлөмү каралып жаткан мезгилде 7,2%га төмөндөп, ФОБ баасында 10 833,2 млн АКШ долларын түзгөн.

***1-график. Күндөлүк операциялардын компоненттери***
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**Товарлар экспорту** ФОБ баасында 2 153,0 млн АКШ долларына жеткен (24,9%га төмөндөө). Алтынды эске албаганда экспорт 2024-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 23,6%га кыскаруу менен, 1 537,6 млн АКШ долларын түзгөн. Тышкы берүүлөрдүн товардык түзүмү алтындан (монетардык эмес), өнөр жай өндүрүшүнүн продукциясынан, текстиль продукциясынан жана айыл чарба товарларынан турган.


**Товарлар экспортунун географиялык түзүмүндө** 2025-жылдын январь айынан сентябрь айына чейин басымдуу салыштырма салмак ЕАЭБге кирбеген өлкөлөргө туура келген (60,4%ы). Товарлар экспортунун олуттуу көлөмү Швейцарияга (ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн экспортунун жалпы көлөмүнүн 31,0%ы), Өзбекстанга (20,1%ы) жана Улуу Британияга (15,2%ы) жөнөтүлгөн. Бул өлкөлөргө, негизинен, иштеп чыгаруу өнөр жайынын товарлары (алтын) жана айыл чарба продукциялары сунушталган.

Ал эми ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн суммардык үлүшү товарлар экспортунун жалпы көлөмүндө 39,6%ды түзгөн.


**Товарлар импорту** ФОБ баасында 8 680,2 млн АКШ долларына жеткен, бул базалык мезгилдин көрсөткүчүнөн 1,4%га төмөн болгон.

**Импорттун географиялык түзүмүндө** ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн түшүүлөрдүн үлүшү жалпы көлөмдүн 66,0%ын түзгөн. Бул аталган өлкөлөрдөн импорттолуучу аралык, керектөө жана инвестициялык товарларга суроо-талаптын жогору бойдон сакталып турушуна байланыштуу болгон. Мурдагыдай эле, Кытай, айрыкча, өнөр жай өндүрүшүнүн продукциясы, жеңил автоунаалар жана жасалма текстиль материалдарынан жасалган кездемелердин эсебинен, ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн берүүлөрдүн 59,6%ын камсыз кылуу менен, алдыңкы орунду ээлейт. Импорттун башка маанилүү багыттарынын ичинен Өзбекстанды, Корея Республикасын жана Түркияны белгилөөгө болот, алардын үлүшүнө ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн берүүлөрдүн 17,8%ы туура келет.


*2-график. Соода балансы*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




*3-график. Экспорттун 2025-жылдын 9 айы ичиндеги функционалдык түзүмү*




*4-график. Импорттун 2025-жылдын 9 айы ичиндеги функционалдык түзүмү*




Бул өлкөлөрдөн келген импорттун негизги статьялары – жеңил автоунаалар, мөмө-жемиштер жана жаңгактар, портландцемент, ошондой эле башка категорияларга кирбеген автоунаалар.

Ошол эле учурда ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдөн түшүүлөрдүн отчёттук мезгилдеги импорттун жалпы көлөмүндөгү үлүшү 34,0%ды ээлеген, мында Россия жана Казакстан ири сунуштоочу болуп эсептелет, алардын ЕАЭБ өлкөлөрү боюнча үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 68,1% жана 29,8% түзгөн. Импорттун түзүмүндө отун-энергетикалык товарлар, ошондой эле керектөө жана инвестициялык багыттагы товарлардын кеңири ассортименти басымдуулук кылган.

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансындагы оң динамика резидент эместерге сунушталуучу кызмат көрсөтүүлөр көлөмү сакталып, резидент эместерден алынган кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган.**

Каралып жаткан мезгилде эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын сальдосу 298,0 млн АКШ доллары суммасында (2024-жылдын тогуз айы ичиндеги маалыматтарга ылайык, (-)96,4 млн АКШ долларына салыштырмалуу) оң түптөлгөн. Өткөн мезгилдер сыяктуу эле, эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү жүгүртүү түзүмү туруктуу бойдон сакталып калган: негизги үлүш, адаттагыдай эле, үч негизги статьяга – кыдырууларга, транспорт кызматтарына, ошондой эле маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү жеке жактарга сунушталган кызмат көрсөтүүлөр (чогуу алганда, аларга жалпы көлөмдүн 63,7%га жакыны туура келген) басымдуу үлүштү ээлеген.

*5-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*





«Кыдыруулар» статьясы боюнча сальдо 53,7%га көбөйүү менен 439,6 млн АКШ доллары эквивалентинде профицит менен түптөлгөн. Кыдыруулар экспорту региондун өлкөлөрүнөн сыяктуу эле, алыскы чет өлкөлөрүнөн туристтердин агымынын көбөйүшүнө байланыштуу 20,5%га жогорулаган, ал эми кыдыруулардын импорту бир аз азайган.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн пассивдүү балансы 31,7%га кыскаруу менен 333,4 млн АКШ долларын түзгөн. Кызмат көрсөтүүлөрдүн бул түрүнүн импортунда пассажирдик, жүк ташуу жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрү менен ишке ашырылган башка ташуулардын көлөмүнүн азайышы байкалган, ал эми экспорттун кыскарышына көбүнчө транспорттун башка түрлөрү боюнча пассажирдик ташуулардын азайышы түрткү берген.

2024-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча катталган 93,1 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү көрсөткүчкө салыштырмалуу «жеке адамдарга маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр» статьясы боюнча таза позиция каралып жаткан мезгил ичинде 16,2 млн АКШ доллары көлөмүнө чейин төмөндөгөн. Мындай терс динамика экспорт боюнча да, импорт боюнча да байкалган, бул кызмат көрсөтүүлөрдүн аталган түрлөрүнө тышкы суроо-талап сыяктуу эле, ички суроо-талаптын да азайышы менен түшүндүрүлөт.

**Белгиленген мезгилде инвестициялык кирешелер боюнча резидент эместерге төлөөлөр көлөмүнүн азайышы 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырганда «баштапкы кирешелер» балансынын сальдосунун жакшырышына түрткү берген.**

*6-график. Баштапкы кирешелер балансы*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Талдоого алынган мезгилде «баштапкы кирешелер» статьясы боюнча терс баланс 2024-жылдын тогуз айына салыштырмалуу 12,2%га төмөндөп, 514,2 млн АКШ долларын түзгөн. Бул тенденция, эң оболу, локалдык компаниялар тарабынан чет өлкө инвесторлоруна инвестициялык кирешелер боюнча төлөөлөрдүн 12,5%га (583,1 млн АКШ долларына чейин) азайышы менен шартталган. Ошол эле учурда резиденттер үчүн чегерилген дивиденддердин көлөмү 13,4%га кыскарып, 74,7 млн АКШ долларын түзгөн. Тике инвестициялар боюнча кирешелер толугу менен резидент эместерге төлөө операциялары менен сунушталган жана 2024-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 15,4%га кыскаруу менен, 462,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

Мамлекеттик жана жеке секторлордун башка инвестициялары боюнча капиталды жайгаштыруудан төлөөгө чегерилген кирешелердин көлөмү 120,7 млн АКШ долларын түзгөн (0,9%га өсүү), ал эми башка инвестициялар боюнча алууга чегерилген кирешелер 74,7 млн АКШ долларын түзгөн (13,4%га төмөндөө). Жыйынтыгында, «башка инвестициялар» статьясы боюнча агылып чыгуунун нетто көлөмү 46,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган (2024-жылдын январь - сентябрь айлары үчүн агылып чыгуунун нетто көлөмү 33,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө).


«Эмгек акы төлөө» статьясынын балансы боюнча тартыштык 6,3%га көбөйгөн жана резидент эместердин Кыргыз Республикасында иш жүргүзүүсүнүн натыйжасында алган кирешесинин жалпы көлөмүнүн бир аз өсүшү эсебинен 5,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

**Жеке сектордун трансферттеринин таза агылып кирүүсүнүн туруктуу оң динамикасы «экинчилик кирешелер» статьясы боюнча активдүү балансты колдоонун негизги фактору бойдон калат.**


2025-жылдын тогуз айы ичинде экинчилик кирешелер балансы 23,1%га көбөйүү менен 2 531,6 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай өсүш жеке сектордун (финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана үй чарбаларын тейлөөчү коммерциялык эмес уюмдар) трансферттеринен 2 527,2 млн АКШ доллары суммасында таза түшүүлөрү менен камсыздалган, анын негизги бөлүгү (2 523,7 млн АКШ доллары же жалпы көлөмдүн 99,9%ы) иштеп жаткандардын акча которууларынын статьясына туура келет (23,3%га көбөйүү).

Иштеп жаткандардын акча которууларынын дүң агылып кирүү түзүмүнүн басымдуу бөлүгүн, мурдагыдай эле, акча которуу системалары аркылуу түшкөн каражаттар ээлеген (түшүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 82,0%ы), анын жардамы менен Кыргыз Республикасына 2 317,3 млн АКШ доллары келип түшкөн (40,4%га көбөйгөн). Ошол эле учурда өлкөдөн агылып чыгуу көлөмү 16,9%га өсүп, 284,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Акча которуу системаларынан кийинки үлүштү банктык мобилдик тиркемелер (банктык карталар) жана электрондук капчыктар аркылуу акча которуулар (10,8% же 305,3 млн АКШ доллары), ошондой эле почта аркылуу которуулар (салыштырма салмагы бир аз бойдон калган) ээлейт.

***7-график. Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери***
*(млн АКШ долларында)*




***8-график. Чек ара аркылуу өтүүчү акча которуулардын динамикасы***
*(млн АКШ долларында)*



## Капитал менен операциялар эсеби


**Капиталдык трансферттердин брутто – агылып кирүү көлөмүнүн бир аз азайышы капиталдык эсептин балансындагы профициттин төмөндөшүндө көрсөтүлгөн.**

2025-жылдын тогуз айы ичинде капитал менен операциялар эсебинин оң сальдосу 103,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө түзүлгөн (0,7%га төмөндөө), бул негизинен өлкөнүн мамлекеттик секторуна капиталдык трансферттердин 102,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө дүң түшүүлөрүнүн эсебинен калыптанган, алар негизинен мамлекеттик инвестициялар программасынын гранттары түрүндө берилген.

## Финансылык эсеп

**Финансылык эсеп боюнча тыштан таза карыз алуу көлөмүнүн өсүшү тике жана портфелдик инвестициялардын келип түшүүсү менен камсыздалган.**

*9-график. Финансылык эсептин сальдосу*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*





2025-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча финансылык эсепте тыштан карызга алынган каражаттардын таза көлөмү Кыргыз Республикасына портфелдик жана тике инвестициялар линиясы боюнча түшүүлөр эсебинен (-)879,4 млн АКШ долларын түзгөндүгү (2024-жылдын ушул эле мезгилиндеги (-)770,9 млн АКШ долларына салыштырмалуу) белгиленген.

Портфелдик инвестициялардын динамикасы толугу менен өлкөнүн мамлекеттик секторуна каржылоону тартуу натыйжасында, 700,2 млн АКШ доллары суммасында милдеттенмелерди таза кабыл алуунун эсебинен калыптанган.


Тике инвестицияларга байланышкан тышкы экономикалык операциялар боюнча таза карыз алуу (-)457,0 млн АКШ долларын түзүп, бул резиденттердин милдеттенмелеринин (481,8 млн АКШ доллары), негизинен тике инвесторлор – резидент эместердин кирешелерди өлкөнүн ишканаларына кайра инвестициялоонун эсебинен резиденттердин чет өлкөдөгү активдеринен (24,8 млн АКШ доллары) басымдуулук кылышы менен шартталган.

Инвестициялардын негизги агылып кирүү көлөмү иштеп чыгаруу өндүрүшүнүн ишканаларына (259,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып кирүү), дүң жана чекене соода жүргүзүү чөйрөсүнө (70,1 млн АКШ доллары), пайдалуу кендерди казып алуу чөйрөсүнө (65,2 млн АКШ доллары), маалымат жана байланыш тармагына (64,6 млн АКШ доллары), ошондой эле кесиптик, илимий жана техникалык иш багытына (36,7 млн АКШ доллары) туура келген.


***10-график. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүү динамикасы***
*(млн АКШ долларында)*




***11-график. Экономика тармактары боюнча тике чет өлкө инвестициялары***
*(млн АКШ долларында)*




***12-график. 2025-жылдын 9 айында Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестиция салган алдыңкы 10 өлкө***



Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (38,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып чыгуу), ошондой эле электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо чөйрөсүндө (2,6 млн АКШ доллары) агылып чыгуу байкалган.

Натыйжада, резиденттер менен резидент эместердин ортосунда каралып жаткан мезгилде жүргүзүлгөн төлөм теңдеминин статьялары боюнча бардык тышкы экономикалык операцияларды эске алуу менен, «каталар жана калтырып кетүүлөр» статьясынын сальдосу 3,5%га кыскаруу менен 3 892,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн.

2025-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча дүң эл аралык резервдердин көлөмү 7 553,6 млн АКШ долларын түзгөн (75,6%га өсүш), бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 5,9 айынын ордун жабат.

## 1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 9 ай 2024 | 9 ай 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-5 142,7** | **-6 820,5** | **-4 112,0** | **-4 565,2** | **-4 211,8** |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | -7 027,2 | -8 936,9 | -6 644,3 | -6 036,1 | -6 229,1 |
| экспорт | 3 628,1 | 5 516,5 | 8 453,8 | 5 546,3 | 4 803,2 |
| импорт | 10 655,4 | 14 453,4 | 15 098,1 | 11 582,4 | 11 032,4 |
| **Соода балансы** [1] | -6 918,7 | -8 285,6 | -6 534,1 | -5 939,7 | -6 527,2 |
| Төлөм теңдеминин методологиясы боюнча экспорт (ФОБ баасында) | 2 240,3 | 2 095,1 | 2 630,1 | 2 013,6 | 1 537,6 |
| *анын ичинде реэкспорт* | 154,7 | 150,7 | 170,8 | 138,9 | 145,6 |
| Монетардык эмес алтын | 13,1 | 1 284,3 | 2 506,1 | 853,9 | 615,5 |
| Импорт (ФОБ баасында) | 9 172,1 | 11 665,1 | 11 670,3 | 8 807,2 | 8 680,2 |
| **Кызмат көрсөтүүлөр балансы** | -108,5 | -651,2 | -110,2 | -96,4 | 298,0 |
| экспорт | 1 374,8 | 2 137,0 | 3 317,6 | 2 678,7 | 2 650,2 |
| импорт | 1 483,3 | 2 788,3 | 3 427,9 | 2 775,1 | 2 352,2 |
| *Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр* | -547,4 | -824,6 | -654,4 | -488,2 | -333,4 |
| экспорт | 364,8 | 388,5 | 593,2 | 483,5 | 331,3 |
| импорт | 912,3 | 1 213,1 | 1 247,6 | 971,8 | 664,7 |
| *Кыдыруулар* | 537,7 | 492,3 | 380,6 | 285,9 | 439,6 |
| экспорт | 755,7 | 1 024,1 | 963,7 | 745,9 | 898,7 |
| импорт | 217,9 | 531,8 | 583,1 | 460,1 | 459,2 |
| *Жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр* | -70,5 | -235,6 | 97,2 | 93,1 | 16,2 |
| экспорт | 91,2 | 387,2 | 859,3 | 817,2 | 424,8 |
| импорт | 161,7 | 622,8 | 762,2 | 724,2 | 408,6 |
| *Башка кызмат көрсөтүүлөр* | -28,3 | -83,3 | 66,4 | 12,9 | 175,7 |
| экспорт | 163,1 | 337,2 | 901,3 | 632,0 | 995,4 |
| импорт | 191,4 | 420,5 | 835,0 | 619,1 | 819,7 |
| **Баштапкы кирешелер балансы** [1] | -270,4 | -194,1 | -240,0 | -585,6 | -514,2 |
| Алууга | 29,4 | 85,5 | 123,9 | 86,3 | 74,7 |
| Төлөөгө | 299,8 | 279,6 | 363,9 | 671,9 | 588,9 |

## 1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 9 ай 2024 | 9 ай 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| *Эмгекке төлөө (нетто)* | -9,2 | -6,9 | -7,3 | -5,4 | -5,8 |
| Алууга | — | — | — | — | — |
| Төлөөгө | 9,2 | 6,9 | 7,3 | 5,4 | 5,8 |
| *Инвестициялык кирешелер* | -261,2 | -187,2 | -232,7 | -580,2 | -508,5 |
| Алууга кирешелер | 29,4 | 85,5 | 123,9 | 86,3 | 74,7 |
| Төлөөгө кирешелер | 290,5 | 272,7 | 356,6 | 666,5 | 583,1 |
| **Экинчилик кирешелер** | 2 154,9 | 2 310,5 | 2 772,3 | 2 056,5 | 2 531,6 |
| Алууга | 3 382,4 | 2 894,9 | 3 246,8 | 2 419,9 | 2 850,2 |
| Төлөөгө | 1 227,5 | 584,4 | 474,5 | 363,4 | 318,7 |
| **Капитал менен операциялар** | 180,8 | 220,6 | 154,8 | 103,8 | 103,1 |
| Алууга | 196,2 | 231,5 | 156,5 | 105,5 | 103,1 |
| Төлөөгө | 15,4 | 10,9 | 1,7 | 1,7 | — |
| ***Таза кредиттөө (+)/ таза карыз алышуу (-) (күндөлүк операциялар эсебинин жана капитал менен операциялар эсебинин маалыматтары боюнча сальдо)*** | -4 961,9 | -6 599,9 | -3 957,2 | -4 461,4 | -4 108,7 |
| **Финансылык эсеп** | -522,5 | -157,8 | -1 214,9 | -770,9 | -879,4 |
| ***Таза кредиттөө (+)/ таза карыз алышуу (-) (финансылык эсептин маалыматтары боюнча сальдо)*** | -522,5 | -157,8 | -1 214,9 | -770,9 | -879,4 |
| **Тике инвестициялар**[1] | -509,5 | -151,3 | -238,0 | -514,2 | -457,0 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | -454,6 | 7,9 | 17,4 | 15,2 | 24,8 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 54,8 | 159,2 | 255,3 | 529,4 | 481,8 |
| **Портфелдик инвестициялар** | -0,4 | -0,3 | -0,4 | -0,3 | -700,2 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | — | — | — | — | — |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 700,2 |
| **Туунду финансылык инструменттер** | 0,7 | 9,6 | -0,6 | -0,6 | -6,5 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | 3,2 | 3,2 | -2,3 | -2,3 | -8,0 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 2,5 | -6,4 | -1,7 | -1,7 | -1,5 |

## 1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 9 ай 2024 | 9 ай 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Башка инвестициялар** | -13,4 | -15,8 | -975,9 | -255,9 | 284,3 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | 885,4 | 425,6 | 1 165,4 | 938,5 | -13,6 |
| Капиталда башка катышуу | — | — | — | — | — |
| Накталай валюта жана депозиттер | 596,1 | 269,9 | 600,7 | 651,6 | 102,3 |
| Борбордук банк | -63,4 | 32,3 | -22,1 | -12,2 | -2,0 |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 678,2 | 272,7 | 610,1 | 650,1 | 96,0 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | -18,7 | -35,1 | 12,7 | 13,8 | 8,4 |
| Ссуда жана насыялар | 0,7 | 0,5 | -1,8 | 0,6 | -0,3 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 0,7 | 0,5 | -1,8 | 0,6 | -0,3 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | — | — | — | — | — |
| Камсыздандыруу, пенсиялык программалар жана стандарттык гарантиялардын программасы | — | — | — | — | — |
| Соода кредиттери жана аванстар | 290,7 | 110,1 | 522,2 | 253,6 | -112,0 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | 290,7 | 110,1 | 522,2 | 253,6 | -112,0 |
| Башка дебитордук карыз | -2,1 | 45,2 | 44,3 | 32,8 | -3,6 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 898,7 | 441,4 | 2 141,4 | 1 194,4 | -297,9 |
| Капиталда башка катышуу | — | — | — | — | — |
| Накталай валюта жана депозиттер | 429,1 | 63,7 | 287,8 | 212,2 | 237,3 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 429,1 | 63,7 | 287,8 | 212,2 | 237,3 |

## 1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 9 ай 2024 | 9 ай 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ссуда жана насыялар | 187,0 | 241,7 | 632,0 | 575,6 | -25,9 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | -36,6 | -13,4 | 6,1 | -7,5 | 1,4 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 192,1 | 159,2 | 93,6 | -23,0 | -70,3 |
| Башка секторлор | 31,4 | 95,9 | 532,3 | 606,2 | 43,0 |
| Камсыздандыруу, пенсиялык программалар жана стандарттык гарантиялардын программасы | — | — | — | — | — |
| Соода кредиттери жана авансы | 282,6 | 136,0 | 1 221,6 | 406,6 | -509,4 |
| Башка секторлор | 282,6 | 136,0 | 1 221,6 | 406,6 | -509,4 |
| Башка кредитордук карыз | — | — | — | — | — |
| Атайын карыз алышуу укугу | — | — | — | — | — |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | 3 998,4 | 6 448,5 | 2 976,4 | 4 034,9 | 3 892,3 |
| **Жалпы баланс** | 441,0 | -6,4 | -234,0 | -344,4 | -663,0 |
| **Камдык активдер жана аларга тиешелүү статьялар** | -441,0 | 6,4 | 234,0 | 344,4 | 663,0 |
| Резервдик активдер[2] | -456,1 | -64,4 | 139,1 | 276,4 | 621,7 |
| Монетардык алтын | — | — | — | — | — |
| Атайын карыз алышуу укугу | -124,4 | -53,6 | 39,5 | -4,5 | 12,5 |
| ЭВФтеги резервдик позиция | — | — | — | — | — |
| Башка резервдик активдер | -331,7 | -10,8 | 99,6 | 280,9 | 609,1 |
| ЭВФ менен операциялар боюнча ссуда жана насыялар (резервди кошпогондо) | -21,6 | -70,8 | -94,9 | -67,9 | -41,3 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | -21,6 | -70,8 | -94,9 | -67,9 | -41,3 |
| Өзгөчө каржылоо | 6,6 | — | — | — | — |

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алганда

[2] ЭВФ методологиясына ылайык, резервдик активдердин курамына кошуу үчүн, Кыргыз Республикасынын резиденттеринен куйма түрүндөгү алтынды сатып алууга байланыштуу операциялар резервдик активдерден алынып салынган.

## 2-тиркеме. Тышкы соода түзүмү боюнча баяндама

**Товарлар экспорту ФОБ баасында** 2024-жылдын тогуз айына салыштырмалуу 24,7%га кыскаруу менен 2 163,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Алтынды эске албаганда, экспорт 23,3%га төмөндөө менен 1 548,2 млн АКШ долларын түзгөн.

Отчёттук мезгилде экспорттун товардык түзүмү, негизинен, өнөр жай өндүрүшүнүн жана айыл чарба продукцияларынан, ошондой эле энергия продукцияларынан турган.

2025-жылдын январь - сентябрь айларында алтындын экспорту 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 27,9%га төмөндөп, берүүлөрдүн айкын көлөмү кыскарышы эсебинен 615,5 млн АКШ долларын түзгөн.

Муну менен катар эле, экспорттун өсүшүнө баалуу металл кендерин жана концентраттарын берүү (103,8 млн АКШ долларына көбөйгөн), өнөр жай өндүрүшүнүн продукциялары, товарларды ташуу жана таңгактоо үчүн пластмассадан даярдалган буюмдар (17,4 млн АКШ долларына), ошондой эле көмүр, кокс жана брикеттер (10,1 млн АКШ долларына) сыяктуу товардык категориялар олуттуу салым кошкон.

Отчёттук мезгилдин тогуз айы ичинде **товарлар импорту (СИФ баасында)** 2024-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 1,4%га төмөндөө менен 9 292,0 млн АКШ долларын түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын январь - сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча «өндүрүш техникасы үчүн жабдуунун бөлүктөрү» (999,0 млн АКШ долларына) жана «жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорт каражаттары» (583,6 млн АКШ долларына) статьялары боюнча берүү көлөмүнүн азайышы байкалган.

Муну менен бирге эле, «чоюн жана болот» (265,5 млн АКШ долларына), «жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар» (133,3 млн АКШ долларына), «электр линиялык телефондор же телеграф аппараттары» (71,4 млн АКШ долларына), «жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер» (58,7 млн АКШ долларына) статьялары боюнча импорт көлөмүнүн олуттуу өсүшү белгиленген.

2025-жылдын тогуз айы ичинде «минералдык отун, майлоочу майлар жана ушул сыяктуу материалдар» бөлүгүнүн товардык позицияларынын импорттук көлөмү 2024-жылдын салыштырма көрсөткүчүнө карата 8,3%га көбөйүп, 1 090,1 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай топтун импортунун товардык түзүмүндө мунай заттары байкаларлык үлүштү ээлеген, алардын келип түшүүсү 6,9%га өсүү менен 871,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө катталган. Көрсөтүлгөн мезгилде автоунаа бензининин (51,0 млн АКШ долларына), мазуттун (31,8 млн АКШ долларына), башка мунай заттарынын (20,9 млн АКШ долларына), авиакеросиндин (14,2 млн АКШ долларына) жана майлоочу материалдардын (8,9 млн АКШ долларына) импорттоо көлөмү өскөн. 2025-жылдын январь - сентябрь айларында жаратылыш газынын импорту 2024-жылдын тогуз айына салыштырганда 21,6%га өсүү менен 62,3 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми көмүр, кокс жана брикеттердики - 14,8%га көбөйүп, 22,6 млн АКШ доллары деңгээлинде калыптанган.

Азык-түлүк боюнча товарлардын түзүмүндө жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалардын (28,5 млн АКШ долларына), кант кошулган минералдык суу жана алкоголсуз суусундуктардын (27,6 млн АКШ долларына), консервацияланган мөмө-жемиштер жана мөмө-жемиштерден жасалган азыктардын (24,4 млн АКШ долларына), дан эгиндеринен, ундан же крахмалдан жасалган азыктардын (14,2 млн АКШ долларына) импорту өскөн, бирок «кант, патока жана бал» товардык тобу боюнча түшүүлөр 9,8 млн АКШ долларына кыскарган.

## 3-тиркеме. Төлөм теңдемин түзүү үчүн маалымат булактары

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Төлөм теңдеминин методологиясы боюнча товарлар экспорту/импорту | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Монетардык эмес алтын | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Башка тараптарга таандык материалдык ресурстарды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК | |
| Башка категорияларга кирбеген ремонт жана техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Кыдыруулар | УСК, КБ | республикага (республикадан) кирген (чыккан) жарандардын санынын негизинде түзүлгөн методикага ылайык баа берүү |
| Курулуш | КБ | |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн төлөө | КБ | |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| анын ичинде, техникалык жардам | ЭВФ, Финансы министрлиги | баа берүү маалыматтары |
| Жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Башка категорияларга кирбеген мамлекеттик товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | ТИМ, КБ, Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө чыгашалар боюнча маалыматтар; Кыргыз Республикасындагы чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалымат |
| **Баштапкы кирешелер** | | |
| Эмгекке төлөө | УСК, КБ, Ишканалар | |
| Инвестициялык кирешелер | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет мамлекеттердин ишканаларынан топтолгон тике инвестициялар боюнча кирешелер жөнүндө маалымат |
| Портфелдик инвестициялар | Улуттук банк, КБ | |
| Башка инвестициялар | ФМ, Улуттук банк, УСК, КБ | |

## 3-тиркеме. (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Экинчилик кирешелер** | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Жеке трансферттер (резидент-үй чарбалары менен резидент эмес-үй чарбалары ортосунда күндөлүк трансферттер) | | |
| *анын ичинде иштеп жаткандардын акча которуулары* | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Башка күндөлүк трансферттер | УСК, КБ | |
| **Капитал менен операциялар эсеби** | | |
| Капиталдык трансферттер | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ЭВФ, ФМ, УСК | товарлар түрүндө гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүү |
| Карызды кечүүгө байланыштуу трансферттер | Ишканалар, Финансы министрлиги | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | УСК | |
| **Финансылык эсеп** | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | | |
| Инвестициялык фонддордун капиталында жана пайларында/активдеринде катышуу | УСК, КБ | |
| Карыздык инструменттер | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Капиталда катышуу жана инвестициялык фонддордун пайлары/акциялары | УСК, КБ | |
| Портфелдик инвестициялар | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | КБ | |
| Туунду финансылык инструменттер (резервдерден тышкары) жана кызматкерлер үчүн акцияларга опциондор | КБ | |
| Башка инвестициялар | УСК | |
| Нак валюта жана депозиттер | | |
| Борбордук банк | КБ | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |

## 3-тиркеме. (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| Ссудалар жана карыздык каражаттар | | |
| Финансылык активдерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банкты эске албаганда | КБ | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | коммерциялык банктар тарабынан алынган кредиттер боюнча банктык статистика маалыматтары |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Соода кредиттери жана авансттар | УСК | |
| Башка дебитордук/кредиттик карыз | ФМ, КБ, УСК | |
| Атайын карыз алышуу укугу (милдеттенмелерди таза кабыл алуу) | ФМ, Улуттук банк | |
| Резервдик активдер | Улуттук банк | |

КЫРГЫЗ БАНКЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИ

## 2025-ЖЫЛДЫН 9 АЙЫ

